**УДК: 378**

***Калдыбек кызы К.***
*Калдыбек кызы Каныкей – мугалим, №7 М. Сыдыков атындагы орто мектеп*

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА ЭЛЕКТРОНДУК БИЛИМ БЕРҮҮ РЕСУРСТАРЫН КОЛДОНУУ

# ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ЭЛЕКТРОННЫХ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ РЕСУРСОВ В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ

# USE OF ELECTRONIC EDUCATIONAL RESOURCES IN PRIMARY CLASSES

***Аннотация.*** *Бул макала мектептердин кенже класстарында электрондук билим берүү ресурстарын колдонуу маселесине арналган. Сурамжылоо ыкмасы менен Нарын шаарынын мектептериндеги электрондук ресурстардын ахыбалы изилденген.*

***Аннотация.*** *Данная статья посвящена вопросу использования электронных образовательных ресурсов в младших классах школ. Состояние электронных ресурсов в школах города Нарын изучалось методом опроса.*

***Abstract.*** *This article is devoted to the issue of using electronic educational resources in junior grades of schools. The status of electronic resources in schools of Naryn city was studied using a survey method.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *башталгыч класстар, колдонуу, цифровизация, электрондук билим берүү ресурстары, электрондук технологиялар.*

***Ключевые слова:*** *начальные классы, применение, цифровизация, электронные образовательные ресурсы, электронные технологии.*

***Key words:*** *primary classes, application, digitalization, electronic educational resources, electronic technologies.*

Азыркы учур электрондук технологиялардын заманы. Электрондук технологиялар окуу процессинде эле эмес, жашоонун баардык тармагына киргизилип жатат. Ага күбө болуп өкмөттүн цифралаштыруу багытындагы иштери саналат [1].

Мектептерде, анын ичинде башталгыч класстарда электрондук билим берүү ресурстарын түзүү жана колдонуу абдан чоӊ маселелердин бири, анткени кенже окуучулар электрондук техникаларга аябай кызыгышат. Бирок, балдар оюн ойноо, мультфильм көрүү менен эле чектелишет. Мектептерде балдарга ылайык электрондук билим берүү ресурстары барбы, бар болсо аны окуучулар пайдалана алабы?


Мына ушул суроолорго жооп издеп 2019-жылдын апрель айында Нарын шаарындагы мектептердин башталгыч класстарынын мугалимдеринин арасында электрондук ресурстар жөнүндө сурамжылоо жүргүзүлдү. Сурамжылоого № 7, № 1, № 8, № 5 мектептерден 35 мугалим тартылды.

Сурамжылоо 17 суроодон туруп, электрондук билим берүү ресурстарынын окутуу процессинде колдонулушу жөнүндө болгон. Эми сурамжылоонун жыйынтыктарын талдап көрөлү.

“Сиздин мектепте электрондук ресурстарды түзүү, топтоо, колдонуу боюнча мектеп жетекчили-

гинин буйругу же көрсөтмөсү барбы, болсо кайсыл жылы кабыл алынган?" деген суроого респондент-тердин 65,7 % ушуга ылайыктуу документтердин бар экендигин билишсе, 28,6 % жок экендигин айтышса, 5,7% билбейм деп жооп беришкен. Демек, мектептерде электрондук ресурстарга көңүл бурулуп жатыптыр.

"Мектептин компьютердик классына башталгыч класстардын окуучулары кирип иштөөгө мүмкүнчүлүк барбы?" деген суроого мугалимдердин 8,6% мүмкүнчүлүк бар деп, 17,1 % кээде эле киребиз дешсе, 77,1 % андай мүмкүнчүлүк жок дешкен. Мугалимдердин басымдуу көпчүлүгү компьютердик класска кирүүгө мүмкүнчүлүк жок деп жооп беришти. Кандай себеп менен мүмкүнчүлүк жок деп анализ кылсак, төмөндөгүдөй жыйынтык келип чыкты (1-сүрөт).




*Сүрөт 1. Окуучулардын компьютердик класста иштөөсү*

Негизги себептердин бири компьютердик класс бошобойт. Дээрлик жарымы "Окуу жүгүртмөсүнө коюлган эмес, андай предмет жок" деп жооп беришти. Демек, компьютердик класстардагы сабактарды уюштуруу үчүн окуу жүгүртмөсүн түзгөндө башталгыч класстарды да эске алыш керек экен.

Компьютердик класска кирип иштөөгө мүмкүнчүлүк бар деген мугалимдер "компьютердик классты кандай максатта пайдаланасыңар?" деген суроого төмөндөгүдөй жооп беришти (2-сүрөт). Сүрөттөн көрүнүп тургандай, окуучулар компьютерди ачып жапканды жана китептерде жок сүрөттөрдү көргөнгө эле кызыгышат экен.





*Сүрөт 2. Мугалимдердин компьютердик классты пайдалануусу*

"Мектепте башталгыч класстардын кайсыл сабагынан кандай тема боюнча электрондук ресурстар бар?" деген суроого, күтүлгөндөй эле, ар кандай жооптор болду.

Мугалимдердин негизинен математика, орус тили, мекен таануу сабактары боюнча электрондук ресурстарды колдонууга мүмкүнчүлүктөрү бар экен, бирок сурамжылоого катышкан мугалимдердин үчтөн бири эле бул суроого оң жооп бере алышты.


"Электрондук ресурстар мектептин кайсыл жеринде сакталат?" деген суроого окуу бөлүмүнүн башчысынын компьютеринде деп 25%, мугалимдердин өзүндө деп 57% жооп алынды. Демек, мектептердин администрациялары электрондук ресурстарды каттап, аларды окутууга колдонууга көзөмөл кылыша элек.




*Сүрөт 3. Окуучулар үчүн ресурстардын булактары*

"Окуучу Сиз сунуш кылган электрондук ресурсту колдонгусу келсе аны каяктан алат?" деген суроонун жообу 3-сүрөттө көргөзүлгөн. Сүрөттө көрүнүп тургандай, окуучулар ресурсту негизинен интернеттен алышат (75%), ал эми китепкананын компьютеринде ресурс жок болгондуктан, ал жактан ала алышпайт (0%).

Кубандыруучу жагдай, мугалимдер электрондук почтаны, смартфонду, флешканы электрондук ресурстарды окуучуга жеткирүүгө колдонуп башташыптыр.




*Сүрөт 4. Мугалимдер үчүн электрондук ресурстардын булактары*


"Окутуу процессинде смартфондор аркылуу электрондук ресурстар колдонулабы?" деген суроого мугалимдердин 75% башталгыч класстардын окуучулары мектепке смартфон алып келгенге тыюу салынган десе, 11% смартфон колдонгонду өзүм билбейм деп жооп беришкен.

"Электрондук ресурстарды кайсыл булактардан аласыз?" деген суроого 4-сүрөттө көрсөтүлгөндөй жооп алынды. Көрүнүп тургандай, мугалимдердин 94,3 % электрондук ресурстарды интернеттен алышат , ал эми өзүм иштеп чыгам дегени 42% ти түзөт.


Мугалимдердин басымдуу көпчүлүгү интернеттен YouTube сайтын (80%), wikipedia (37%), ibilim (11%) сайтын колдонушаары билинди. YouTube сайтында кыргыз тилинде электрондук ресурстар

дээрлик жок болгондуктан, кыргыз класстары ресурстарды орус тилинде пайдаланганга аргасыз болушууда. "Башталгыч класстын окуучуларына арналган өнүктүрүүчү компьютердик программалар менен таанышсызбы, болсо кайсылар?" деген суроого жок тааныш эмесмин деп мугалимдердин 68% айтышса, таанышмын дегендер (28%) "айбилим" деп жооп беришти.

"Сабак өтүү процессинде компьютердин (ноутбуктун) жардамы менен окутасызбы, сабак учурунда компьютерди эмне максатта колдоносуз?" деген суроого 5-сүрөттө көргөзүлгөндөй жооп алынды. Мугалимдер компьютерди негизинен слайд көргөзүш үчүн колдонушат экен, бирок, медиафайлдарды пайдаланыш үчүн колдоном деген жооп кубандырбай койбойт.




*Сүрөт 6. Сабак өтүүдө мультимедиалык ресурстардын колдонулушу*





*Сүрөт 5. Сабак өтүүдө компьютердин колдонулушу*

"Окуучулардын билимин текшерүүдө компьютердик технологиялар (компьютердик тест) колдонулабы?" деген суроого мугалимдердин 68% ти колдонбойбуз дешсе, 28% ти колдонобуз дешти, бирок колдонгон программасы Word экен, ушул жооп түшүнүксүз болуп калды, кантип Word тиркемеси менен тест өткөрүп атышат? "Сабак өтүүдө мультимедиалык электрондук ресурстарды колдоносузбу?" деген суроонун жооптору төмөндөгүдөй болду (6-сүрөт). Көрүнүп тургандай, мультимедианы 86% музыка уктуруш үчүн, 48% бийлетиш үчүн, 40% өнүктүрүүчү мультфильмдерди көргөзүш үчүн, 31% эле

сабак өтүш үчүн колдонушат экен.

" Иштелип чыккан же көчүрүлүп алынган электрондук ресурсту компьютерде башка материалдарды кошуп редакциялай аласызбы?" деген суроого 51% мугалим оң жооп беришти.Тилекке каршы 49% мугалим компьютерди жакшы билбейм деген жооп беришти.

"Электрондук ресурстарды түзүү, топтоо, кайра иштетүү боюнча квалификацияңызды жогорулаттыңыз беле, болсо кайсыл жылы, кайсыл жерден?" деген суроого 74% мугалим терс жооп беришсе, 26%ти № 2 мектептен билимимди жогорулаткам деп жооп беришти. Сурамжылоого катышкан мугалимдердин эң жашы 24 тө, эң улуусу 66 да болуп, жаштык курамы 7-сүрөттөгүдөй түрдө болду.




*Сүрөт 5. Мугалимдердин жаштык курамы*


1-таблицада мугалимдердин педагогикалык стажысы боюнча бөлүнүшү көрсөтүлгөн. Бул жерден көрүнүп тургандай, 35 мугалимдин ичинен эмгек стажысы көбү 14 мугалимди түздү.

Табл.1. Сурамжыланган мугалимдердин педагогикалык стажысы

| Ста-жысы | 5-10 | 11-15 | 16-20 | 21-30 | 31-35 | 36-40 | 41-45 | 46-50 | 51-55 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Саны | 3 | 2 | 2 | 4 | 3 | 4 | 7 | 7 | 2 |

Анализ көргөзгөндөй, электрондук ресурстар менен негизинен 50 жашка чейинки мугалимдер иштешет экен.

Аталган мектептердин 3-,4- класстарынын окуучуларынан да сурамжылоо жүргүзүлдү , ага 419 окуучу катышты жана жыйынтыктары 8-сүрөттөгү диаграммада көрсөтүлдү.




*Сүрөт 6. Окуучулардын электрондук гаджеттерди колдонуусу*

Окуучулардын 40% компьютерди колдонгонду билишет (!) , ар бир окуучунун үйүндө смартфон , 30% окуучулардын үйүндө компьютер бар экен. Бул көрсөткүчтөр, албетте, жакшы. Бирок, мугалимдер ушуга жараша электрондук ресурстарды окуучуларга даярдап берип жатышабы деген суроо жаралбай койбойт. Изилдөөлөрдүн негизинде төмөндөгүдөй жыйынтыктарды жасоого болот.

- Мектептерде электрондук билим берүү ресурстары боюнча заман-

дын талаптарына ылайык иш жолго коюла элек. Азыркы мезгилге чейин электрондук ресурстар жөнүндө жобо расмий түрдө бекиле элек. Натыйжада ресурсту түзүү же иштеп чыгуу, сактоо, автордук укук, колдонуунун тартиби, усулдук кеңештин уруксаты жана башка маселелер чечиле элек.

- Окуучулар реалдык турмушта компьютерди, смартфонду жакшы билишкенине байланыштуу, мугалимдер электрондук ресурстарды билим берүү процессине активдүү колдонууга багыт алышы зарыл болуп саналат.

**Адабияттар:**

1. Цифровой Кыргызстан: нынешнее состояние и путь вперед. http://ict.gov.kg/uploads/ckfinder/files/DIGITAL%20KYRGYZSTAN-Current%20State%20and%20Way%20Forward_FINAL_Ru.pdf